Таирова Ч., Данапияева Г.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ТУУРА ЖАЗУУГА ҮЙРӨТҮҮ ЖАНА АНЫ ОКУТУУНУН ЫКМАЛАРЫ

*Бул макала башталгыч класстардагы окуучулардын кол жазмасын калыптандыруу үчүн окутулуучу каллиграфия сабагына арналат.*

Жазуу пайда болгондон тартып эле адамдар жазуу түрүндө оюн билдирүүгө жана тамгалардын сулуу жазылышына аракет кылып келишкен. Эң биринчи жазуулар көптөгөн кыйынчылыктардын негизинде Египетте жана Шумерде биздин заманга чейинки төрт миң жыл мурда пайда болгондугу бизге белгилүү. Ал үчүн XVII- XVIII кылымдардагы айрым бир изилдөөлөргө кайрылып,ой жүгүртүп көрсөк болот.

Ушул мезгилдерде кыргыз эли көчмөн турмушта жашап, тынымсыз согуштарды башынан өткөрүп, тарыхый татаал окуялардын кесепетинен жабыр тартышса да, коомдук турмушунда жазма ишин эң маанилүү мамлекеттик иш катары кеңири колдонуп келишкен. Буга байыркы Орхон-Енисей эстелик-териндеги жазуулар мисал боло алат. Биздин замандын VII-VIII кылымда-рында Енисей дарыясынын жогору жагында жашаган ата-бабаларыбыз Орхон-Енисей жазуусун же байыркы түрк алфавитин пайдаланып келишкени бир топ окумуштуулар тарабынан изилденип, такталган.

Орхон-Енисей эстеликтеринин тилин байыркы түрк элдеринин (анын ичинде кыргыз элинин да) бардыгына түшүнүк-түү орток баба тили десек да болот. Анткени, В.Радлов, П.Мелиоранский, С.Малов жана И.Батманов өңдүү түркологдор Енисейдеги жазуулар, Орхондогу рун жазууларынан алда канча мурда болгондугун белгилеп көрсөтүү менен эстеликтердеги маалыматтар боюнча кыргыздарга таандык болгон жазуулар бар экендигин ачык белгилешет. Демек, бул окумуштуу-лардын пикирлеринен кийин, кыргыз эли да Орхон-Енисей рун жазмасын колдонгон жана таш эстеликтердеги жазуулардын бир катары кыргыздарга таандык деп жыйынтык чыгара алабыз.

Жыйынтыктап айтканда, Орхон-Енисей байыркы түрк жазма эстеликтери XVII-XVIII кылымдарда ачылып, аларды XIX кылымдын акырында гана даниялык окумуштуу В.Томсен жана орус түркологу В.В.Радлов тарабынан окулган. Бул алфавитте 38 тамга болгон, оңдон солго карай, же жогортон төмөн карай жазылган.

Орхон-Енисей жазуусунан кийин кыргыз эли уйгур жазууларын пайдаланып келишкендиги белгилүү. Уйгур алфавити менен жазылган эстеликтерди изилдөө иштери X1X кылымдын биринчи жарымынан баштап француз окумуштуусу Ю.Клапрот тарабынан биринчи жолу окулган. Уйгур жазуусун түрк элдери менен бирге кыргыздардын бабалары да пайдалан-гандыгын ушул эстеликтердеги жазуулар тактап турат.

Андан кийин, Орто Азия калктарына ислам дини менен кошо араб жазуусу тараган. Бул жазуу дүйнөгө таралышы боюнча латын жазуусунан кийинки орунда турат. Араб жазуусун түрк элдери миң жылдан ашык мезгил колдонуп келишкен. Бул алфавит менен жазгыч акын Молдо Кылыч,туңгуч агартуучулар Э.Арабаев, О.Сыдыковдор өздөрүнүн алгачкы китептерин жазышкан. Башка түрк элдери менен бирге кыргыз эли да, 1928-жылдан тартып латын жазуусуна өтө баштаган. Бирок, араб алфавитинен латын алфавитине өтүү бир эле мезгилде болбостон, 1929-жылдын аягына чейин басма сөздө эки алфавит катар колдонулуп келинген. 1930-жылдан 1940-жылга чейин латын алфавити колдонулуп, 1940-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин орус алфавитине ө,ү,ң тыбыштарын кошуп алуу менен жазуу ишин жүргүзүп келе жатабыз.

Ал эми жазуу ишиндеги сабаттуулукту калыптандырууда таза жана туура жазууга көнүктүрүү иштери башталгыч класстарда окутула баштайт. Ал үчүн мугалимдин чымырканып иштөөсү жана графикалык көнүгүүлөрдү системалуу түрдө аткарып туруусу зарыл.

Каллиграфия- грек. которгондо «сулуу жазуу» дегенди билдирет. Өзүнүн аты айтып тургандай, жаңы жазганды үйрөнүп, өздөштүрүп жаткан балдарды ар бир тамганы өз элементи менен графикалык жактан туура, сулуу, так жазганга үйрөтүүчү илим болуп саналат.

Акыркы жылдары Америкада кол жазма искусствосуна болгон кызыгуу күчөгөн, мунун натыйжасында биздин заманга чейинки биринчи кылымдан берки чогултулган каллиграфиялык экспозицияны камтыган эбегейсиз чоң көргөзмө уюштурулган. Бул көргөзмө каллиграфиянын жашоосундагы эң чоң жаңылык деп эсептесек болот. Себеби, бул көргөзмөдө ар кайсы өлкөлөрдөн алынып келинген экспонаттардын үлгүлөрү коюлган.

Азыркы мезгилде каллиграфияны үйрөтүү боюнча бир канча мамлекеттердин жогорку окуу жайларында атайын сабактар өтүлүүдө. Айрыкча башталгыч билим берүүнүн адистигине даярдалып жаткан студенттер үчүн бул сабактын мааниси чоң. Белгилүү художник жана педагог Херри Нордзей айткандай, балдарды жазууга үйрөтүүдө эң биринчи мугалимдин бор менен доскага тамганын ар бир элементин көргөзүп жазып бериши жана аларды кайталатып абада жаздыруу иши, жазууга көнүктүрүүнүн өзгөчө бир ыкмасы болуп эсептелет.

«Ар бир тамганы жаратуу үчүн өзүнчө бир өзгөчөлөнгөн табышмактуу көрком дүйнөнү элестетүү керек» - деп жазган жазуучу Н.В.Гоголь. Минтип айтуунун негизги себеби катары төмөндөгү каллиграфтардын ар бир тамгага берген мүнөздөмөсүнөн бай-коого болот. Мисалы, С.М.Пожарский «С» тамгасын – ардактуу кары адамга (креслодо эс алып жаткан), «З» тамгасын – сулуу аялга, «М» тамгасын – өзүнө-өзү ишенген элеганттуу жаш жигитке окшоштурса, Пабло Неруда «Е» тамгасын – тепкичке, «Z» тамгасын – чагылганга окшоштурган. Жаклин Сварен кичинекей «а»ны, пингвиндин баласына окшоштуруп салыштырган.

Азыркы мезгилде орто мектептердеги окуучулардын ортосунда Германияда, Англияда ж.б. бир топ өлкөлөрдө сулуу жазуунун конкурсу уюштурулуп, өткөрүлүп турат.

Каллиграфиянын негизги каражат-тары катары калем сап, кагаз жана жазууга ылайыкталган отургуч эсептелет.

Ушул каражаттардын пайда болушу жана колдонулушу бир топ жылдарды басып өтүп, анан бизге келип жеткен.Калем саптын пайда болушун-дагы маалыматтарга кайрыла турган болсок,байыркы заманда калем сапты канаттуулардын канаттарынан жасап келишкен. Айрыкча каздын, бүркүттүн, ак куунун, туйгундун, карганын жана жапайы өрдөктөрдүн канаттары түлөгөн учурунда алынып, даярдалып жазууга колдонулган. Бул канаттуулардын канатынын учундагы беш канаттан экинчи, үчүнчүсү өзгөчө калем сапка ылайыктуу келген. Канатты тандап алгандан кийин аны жазууга даярдаш үчүн кыркып, атайы даярдалган кошулмасы бар сууга 10-15 мүнөт салып, канаттагы түктөрдүн барын тазалап туруп, ысык кумга көмүп коюшкан. Мындан канаттын ичиндеги майлар агып чыгып, ички көңдөйчөсү тазаланган. Бул калем менен жазардын алдында шилекей менен суулап коюп жазышкан. Анткени, шилекей сыяны бир калыпта бөлүнүп чыгышына жардам беген. Сыя челектин ичин атайын кичинекей чыпка салынган да, андан акырындык менен сыя өтүп турган. Мындай калем менен иштөө көп убакытты талап кылып, иш өтө жай жылган. Ошондой болсо да, канаттан жасалган калем жазууга өтө ыңгайлуу болгон.

Кийинчерээк тросник таякчасынан жасалган калем колдонула баштаган. Бул калемдин кандайча пайда болгону жөнүндө так маалымат жок, бирок ошондой болсо да, белгисиз бир уста ойдо жок жерден таякча менен жерге жазып көрүп, анан таякчаны калемге окшоштуруп учтап жазып көргөн деген божомол бар.

Россияда XVII кылымда биринчи-лерден болуп металлдан жасалган калем сап пайда болгон. Мындай жазуу куралы үчүн жыйырма жети рубль төлөп келишкен, мындай акчага ошол мезгилде бир бодо мал сатып алса боло турган.

Ал эми туура жазууга үйрөтүү жана тамгалардын графикалык түзүлүшүн системалуу окутуу иштери, эң алгач башталгыч класстарда жүргүзүлө баштайт. Андан соң, тамганы туура жазууга үйрөтүү менен катар эле балдардын орфографиялык сабаттуу-лугун жарыш жүргүзүп туруу эң маанилүү жыйынтыктарга алып келет. Башталгыч класстарда айрыкча биринчи класстын экинчи жарымынан тарта жана андан кийинки класстарда да, тамгаларды жаздырууда генетикалык тартип

сакталуусу зарыл. Ошондуктан, бул мезгилде мугалим жазылышы кыйын болгон тамгалардын формала-рына жана алардын жазылыштарына көңүл буруу менен, ага карата көнүгүүлөрдү жүргүзүп туруусу талап кылынат. Мындан тышкары, калли-графия сабагында сызыктуу, гигиена-лык, тактикалык жана көчүрмөсүн түшүрүү ыкмалары колдонулуп келет. Бул ыкмалардын ар биринин айрым бир алгылыктуу жактары бар. Ошондуктан, өтүлүүчү сабактардын талабына ылайык ыкмалардын түрлөрү тандалып колдонулат.

Окуучулардын таза, сулуу жазуусун калыптандыруу үчүн мугалим талыкпастан системалуу түрдө иштөөсү керек. Эгерде бала туура жаза албаса, ал өнөкөткө айланат да, аны оңдоо кыйын болот. Мугалимдин көргөзүп бергени боюнча тамгаларды окуучуларга жаздыруу менен өзүлөрүнүн кетирген каталарынын үстүндө иш алып баруу максатка ылайыктуу. Мындай көнү-гүүлөр окуучуларды туура жазуунун ыгына көнүктүрүүгө адаттандырат. Балдарды биринчи класстан баштап таза жазууга үйрөтүү менен бирге, аларды машыгуунун тийиштүү деңгээлине да жетиштирүү талап кылынат. Мында жазууга машыгуу-кыймылга машыгуу катарында каралат. Мына ушуга байланыштуу таза жазууга үйрөтүүнүн жүрүшүндө да ушул кыймыл машы-гуусунун калыптанышынын өзгөчөлүк-төрүнө да көңүл бурулууга тийиш. Ошондуктан, ал үчүн талапка ылайыктуу адистер даярдалышы зарыл.

Жогорку окуу жайларда каллиграфия сабагын өткөрүү, айрыкча башталгыч билим берүүнүн адистигине даярдалып жаткан студенттер үчүн өтө керектүү предмет болуп эсептелет. Бул сабак биздин окуу жайда 2007-жылга чейин 34 саат өлчөмүндө окутулуп келген. Азыркы мезгилде сааттардын кыскарып калганына байланыштуу бул материал боюнча III курста. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы сабагында гана кыскача маалымат берип келебиз. Бул болсо, каллиграфиянын тарыхы жөнүндө маалыматтарды алууга, доскага жана дептерге үлгүлөрдү жазуу техникасын өздөштүрүүдө жана тамгалардын кээ бир оор элементтер менен иштөөдө ж.б. учурларда жетишерлик билимге ээ болууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу десек болот.

**Адабияттар**

1. Бердибаев Э., Сартбаев К., Рысбекова Б. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. –М., 1979.
2. Осмонкулов А. Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутуунун тарыхы. –Б., 2006.
3. Променко Л.И. Каллиграфия для всех. –М.: Книга, 1990.
4. Рысбекова Б., Папакова А. Жазууга үйрөтүүнүн методикасы. -М., 1972.
5. Смирнов С.И. Шрифт в наглядной агитации. –М.: Плакат, 1990.